


# Аюб




УС ЖЕРИ.
БУЛ ЖЕРДЕ АЮБ ӨЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮ МЕНЕН ЖАШАЙТ.
АНЫН ЖЕТИ УУЛУ, ҮЧ КЫЗЫ БАР. АЮБ ЧЫГЫШ ЭЛДЕРИНИН ИЧИНЕН ЭҢ АТАКТУУ АДАМ.
- АЛ КЕМЧИЛИКСИЗ, АДИЛЕТТҮҮ, КУДАЙДАН КОРККОН, ЖАМАНДЫКТАН АЛЫС ЖҮРГӨН АДАМ БОЛЧУ.
КОЖОЮНУБУЗ ҮЧҮН КЕЛГИЛЕ АЛЫП ИЙЕЛИ!
АЮБ! СЕНИ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАМ! МЕНИН УУЛДАРЫМ ДА СЕНДЕН ҮЛГҮ АЛЫП, СЕНДЕЙ УЛУУ ИНСАН БОЛУШАТ ДЕП ҮМҮТТӨНӨМ!
ЭЛИПАЗ ДОСУМ, АЙТКАНЫҢ КЕЛСИН! СЕН АБДАН ЖАРООКЕРСИҢ!
МЕНБИ? БИЗ ҮЧҮН ЖАЙНАТЫЛГАН ДАСТАРКОНДУ КАРАЧЫ!
МУНУН БААРЫ ДОСТОР ҮЧҮН!
ЖОК, ДОСТОН ДА ӨТКӨН, СИЛЕР МЕНИН БИР ТУУГАНЫМ, ҮЙ-БҮЛӨМСҮҢӨР!
АНЫН ДОСТОРУ АР ТАРАПТАН КЕЛИП ТУРУШТУ.


"ҮЙ-БҮЛӨ" ДЕМЕКЧИ!
БУЛ ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ БИР ДА АДАМ СЕНЧЕЛИК ҮЙ-БҮЛӨСҮН СҮЙБӨЙТ, АЮБ!
ТЕЙМАНДЫК ЭЛИПАЗ ӨЗҮНҮН АКЫЛМАНДЫГЫ МЕНЕН ЭЛГЕ БЕЛГИЛҮҮ ЭЛЕ.
ТУУРА! ҮЙ-БҮЛӨСҮН ГАНА ЭМЕС, АКЫЛМАНДЫКТЫ СҮЙГӨН АДАМ!
ШУХТУК БИЛДАТ. ЫБРАЙЫМДЫН ЧЫГЫШТАГЫ АРАБ ЧӨЛҮНДӨГҮ УУЛУ ШУХТАН ЧЫККАН ТУКУМ.
АЮБ! КАНТИП МЫНДАЙ КАДЫР-БАРК ЖАНА БАЙЛЫККА ЭЭ БОЛДУҢ, БИЛБЕЙМ-
--БИРОК, СЫРЫҢДЫ БИЗГЕ ДА АЙТЧЫ!
НААМАЛЫК СОПАР. ЧЕК АРАГА ЖАКЫН ЖАЙГАШКАН НААМА ШААРЫНЫН КУЛУНУ.
МАРТАБАЛУУ, БЕРЕШЕН ЖАНА АСЫЛ АДАМ АЮБ ҮЧҮН!
АНЫН ЖӨНӨКӨЙ БОЛГОНУ КАНДАЙ ЖАКШЫ. АНТПЕСЕ, УШУНЧА АТАК-ДАҢК МЕНЕН КӨӨП КЕТМЕК!
БУЗДУК ЭЛИХУ АЮБДУН ЖАКЫН ДОСТОРУНУН БИРИ. АНЫН АТЫНЫН МААНИСИ "МЕНИН КУДАЙЫМ УШУЛ".


АТА?
МЕН АЗЫР КЕТИП ЖАТАМ. ОМАР БАШКА КОНОКТОРДУ ТОСУП ЖАТАТ.
БАЛДАРЫМ БИРИ-БИРИ МЕНЕН БОЛГОН БААРЛАШУУДАН ЫРАХАТ АЛГАНЫ КАНДАЙ КЕРЕМЕТ!
КЕТИП ЖАТАСЫҢБЫ?
СЫЙ-УРМАТ МЕНЕН ИШ КЫЛГЫЛА! КАЛГАН БИР ТУУГАНДАРЫҢДЫ ДА ЭСКЕРТИП КОЙ--
МАКУЛ, АТА!
ШЕТ СИЗДИ ЭРТЕҢ МЕНЕН КЕЛИП АЛЫП КЕТЕТ. МЕН АГА АЙТЫП КОЙДУМ.
БААРЫНА ЫСЫК САЛАМ АЙТ!
БИЗГЕ КЫЛГАНДАРДЫ, ӨЗГӨЧӨ КУРМАНДЫК ЧАЛГАНЫҢЫЗДЫ БААЛАЙБЫЗ! БИЗ СИЗДИН ЖАНА ТEҢИРДИН АТЫН УЯТКА КАЛТЫРБАЙБЫЗ. СӨЗ БЕРЕМ!

АЮБ 1:4


КУРМАНДЫКТАРДЫ?
АЮБ БАЛДАРЫНЫН САНЫНА ЖАРАША БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫК ЧАЛАТ.
КҮНӨӨЛӨРҮБҮЗ ҮЧҮН КУДАЙГА КУРМАНДЫК ЧАЛЫНЫШ КЕРЕК. БИЗ БААРЫБЫЗ КҮНӨӨКӨРБҮЗ.
МЕН АЛАРДЫ СҮЙГӨНДҮКТӨН, АЛАРДЫН АТЫНАН КУДАЙДЫН АЛДЫНА КЕЛЕМ.


МУНУ СЕН КАЙСЫ УБАКТА КЫЛАСЫҢ?
БАЛДАРЫМ ТҮНҮ БОЮ ТОЙ БЕРИШКЕНДИКТЕН, ЭРТЕҢ МЕНЕНКИГЕ ЧЕЙИН КҮТӨМ.
КОРКПО, БИЗДИН ТОЙГО КЕДЕРГИСИ ТИЙБЕЙТ!
ИИ, ОШЕНТСЕҢ!


БУЛ ДҮЙНӨДӨ АЮБ, БИР ГАНА СЕН БАШКАЛАР ҮЧҮН ӨЗҮҢДҮ КУРМАН ЧАЛАСЫҢ.
КОЙ, ЭЛИХУ, АНТПЕЧИ --


--МЕН ДЕЛЕ БАШКА АДАМДАР СЫЯКТУУМУН.
ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА БААРЫБЫЗ БИРДЕЙ КҮНӨӨКӨРБҮЗ.
КЕЛГИЛЕ, ТАМАККА КАРАЙЛЫ, АНТПЕСЕ МУЗДАП КАЛАТ!


ТАҢ ЗААРДА.
АЮБ АЙТКАНЫНДАЙ КЫЛДЫ.
КҮНДӨГҮДӨЙ ЭЛЕ.
ТЕҢИРИМ, СЕНИН АЛДЫҢА БАЛДАРЫМДЫН АТЫНАН КЕЛДИМ.
СЕН МАГА АЛАРДЫ БАТАЛАП БЕРДИҢ--
-- УУЛДАРЫМ ИЧИНЕН БИРӨӨ САГА АКАРАТ АЙТЫП, КҮНӨӨГӨ БАТСА, КЕЧИРЕГӨР!
КУДАЙ АНЫ КӨРҮП ТУРГАНЫН БИЛЧҮ.
БИРОК КУДАЙДАН ДА БАШКА БИРӨӨ АНЫ КАРАП ТУРГАНЫН БИЛГЕН ЖОК.

АЮБ 1:5


БИР КҮНҮ КУДАЙДЫН УУЛДАРЫ ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА ТУРУШ ҮЧҮН КЕЛИШТИ.
АЛАР МЕНЕН БИРГЕ КӨРҮНБӨГӨН БИРӨӨ КЕЛДИ.
КУУЛГАН БИРӨӨ.
БИРИНЧИ БОЛУП АСМАНДАН КУЛАГАН БИРӨӨ.
ШАЙТАН.


СЕН КАЙДАН КЕЛДИҢ?
МЕН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮН АРАЛАП, АЙЛАНЫП ЧЫКТЫМ.
СЕН УШУНЧАЛЫК СҮЙГӨН ЖАНЫБАРЛАРЫНДЫ КӨРҮП КЕЛДИМ.
ОШОНДОЙ ДЕ.


СЕН МЕНИН КУЛУМ АЮБГА КӨҢҮЛ БУРДУҢБУ?
АНЫ КӨРДҮМ.
ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ АНДАЙ АДАМ ЖОК. АЛ – КЕМЧИЛИКСИЗ, АДИЛЕТТҮҮ, КУДАЙДАН КОРККОН, ЖАМАНДЫКТАН АЛЫС ЖҮРГӨН АДАМ.
ОШОНДОЙ ДЕЧИ.
АЮБ КУДАЙДАН БЕКЕРИНЕН КОРКОТ БЕКЕН?
АНЫН КОЛУНДА БОЛГОНДУН БАРДЫГЫН КОРГОГОН СЕН ЭМЕССИҢБИ?
АНЫН БАРДЫК ИШИНЕ БАТАҢДЫ БЕРДИҢ, АНЫН ЖЕР ЖАЙНАГАН МАЛЫ, БАКТЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨСҮ БАР.
БИРОК...
АНЫН БАЙЛЫГЫНА КОЛУҢДУ ТИЙГИЗИП КӨРЧҮ.
ОШОНДО АЛ СЕНИ ДАҢКТАР БЕКЕН? КЕЛ, МЕН КЫЛЫП КӨРӨЙҮН.
МЫНА, АНЫН КОЛУНДА БОЛГОНДУН БААРЫ СЕНИН КОЛУНДА, БИРОК ӨЗҮНӨ ТИЙБЕ.
МЕН АГА ТИЙБЕЙМ…
ОШЕНТИП, ШАЙТАН ТЕҢИРДИН АЛДЫНАН КЕТТИ.



АЮБ 1:8-12


АЮБДУН ТАЛААСЫ.
БАСКЫЛА...
БУЛ ЭМНЕ?
ТЫКЫ-ТЫК
ТЫКЫ-ТЫК
КАЧКЫЛА!!!


АЮБДУН ӨГҮЗДӨРҮ, УРГААЧЫ ЭШЕКТЕРИ ОТТОП ЖҮРГӨН ТАЛААДА.
БУЛ ЭМНЕ БОЛГОН ЖЫТ?
БААРЫҢАР!
КАЧКЫЛА!
БУЛ ДЕГЕН...


АЮБДУН ТӨӨЛӨРҮНҮН КЕРБЕНИ.
БИР НЕРСЕНИ УКТУҢБУ?
ДАБЫШ ТИГИ ЖАКТАН КЕЛИП ЖАТАТ. БУЛ ЭМНЕ ДЕГИ?
КАЗДИМДИКТЕР!
КАРАКТАШАТ!
АЛАР АР ТАРАПТА!
БИЗДИ КУРЧАП АЛЫШТЫ!

АЮБ 1:17


АЮБДУН ТУН УУЛУ ОМАРДЫН ҮЙҮ.
ЖАКШЫ ДЕМ АЛДЫҢАРБЫ, КОЛ?
ООБА, БИРОК СИЛЕР УКТАТПАЙ КОЙДУҢАР ГО, ДАБИНИЯ!
МЕН УКТАГАНДАН КИЙИН ШЕТ КАНЧАГА ЧЕЙИН АСПАБЫНДА ОЙНОДУ?
ТҮНДҮН БИР ООКУМУНА ЧЕЙИН!
КЕЛГИЛЕ ШАМ-ШУМ ЭТИП АЛАЛЫ.
ЖОЛДОШУМ УЙКУСУРАП ЖАТАТ ОКШОЙТ. БИРОК ОЙГОНОРУ МЕНЕН ДАРОО ТАМАК СУРАЙТ.
ТАМАК ТОЛТУРА! ОМАР ДОСТОРУ МЕНЕН УКТАБАЙ ОТУРУШАТ!
БИР НЕРСЕ УГУЛУП ЖАТАБЫ?
МЕН ЭЧ КАЧАН КӨРГӨН ЭМЕСМИН
БИЗДИ КӨЗДӨЙ КЕЛАТАТ!!!
БУЛ ЖЕРДЕН ЧЫККЫЛА!
КАЙДА БАРАБЫЗ?


ВШШШШШ!


УБАКЫТ БӨЛҮП КЕЛИП КЕТКЕНИҢЕР ҮЧҮН РАХМАТ!
ЖАКЫНДА КӨРҮШӨБҮЗ!
АЮБ, ЭРТЕҢ МЕНЕНКИ КУРМАНДЫГЫҢДЫ КӨРДҮМ.
БУЛ КАНДАЙ ГАНА КУДАЙГА БОЛГОН БЕРИЛГЕНДИК.
МЕН СЕНДЕН ҮЛГҮ АЛАМ.
РАХМАТ, ЭЛИХУ.
МЕН ДА АЮБДАН ҮЛГҮ АЛАМ.
ЖӨН ГАНА КӨҢҮЛҮМДҮ КӨТӨРӨЙҮН ДЕП ЖАТАСЫҢАР ГО!
ЖОК! ЧЫН АЙТЫП ЖАТАМ!
БАЯГЫ ДҮКӨНДӨ САТЫЛЫП ЖАТКАН АЛТЫН ИДИШТИ САТЫП АЛА БЕРЕЙИНБИ?
БИР АЗ ЖАКШЫ СҮЙЛӨСӨҢ, КӨРӨБҮЗ!
ТӨРӨМ! ТӨРӨМ!


АБАД, САГА ЭМНЕ БОЛГОН?
МЫРЗАМ… МЕН ГАНА ТИРҮҮ КАЛДЫМ…
ШЕБАЛЫКТАР... КОЛ САЛЫП, МАЛЫБЫЗДЫ ТАРТЫП АЛЫШТЫ, КУЛДАРДЫ БОЛСО КЫЛЫЧТАП ӨЛТҮРҮШТҮ.
ХАНАМ, СИЛЕРГЕ ДА КОЛ САЛЫШТЫБЫ?
ЖОК... АСМАНДАН КУДАЙДЫН ОТУ ТҮШТҮ.
МАЛДЫ ДА, КУЛДАРДЫ ДА КҮЙГҮЗҮП КЕТТИ! МЕН ГАНА АМАН КАЛДЫМ!
БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС!
ТАРУМ, ЖОК ДЕГЕНДЕ СЕН ЖАКШЫ КАБАР АЛЫП КЕЛДИМ ДЕЧИ!
КАЗДИМДИКТЕР БИЗГЕ КОЛ САЛЫШТЫ!
АЛАР БИЗДИ КУРЧАП АЛЫП, БААРЫН ӨЛТҮРҮП, ТӨӨЛӨРДҮ АЛЫП КЕТИШТИ.
МЫРЗАМ! ЖАМАН ОКУЯЛАР БОЛУП ЖАТАТ!
БИЛЕМ! УКТУМ!
КУЛДАР ӨЛТҮРҮЛҮП, МАЛЫБЫЗ УУРДАЛДЫ! БУЛ ЭМНЕ ДЕГЕН ШУМДУК!
ЖОК, МЫНДАН ДА ЖАМАН ОКУЯ БОЛДУ, МЫРЗАМ!
ЖАМАН!?! МЫНДАН ӨТКӨН ЖАМАН ЭМНЕ ОКУЯ БОЛОТ, ШЕТ?

АЮБ 1:14-17



УУЛДАРЫҢЫЗ МЕНЕН КЫЗДАРЫҢЫЗ ТУН УУЛУҢУЗДУН ҮЙҮНДӨ МАЙРАМДАП ЖАТЫШКАНДА...
БИЛЕМ АНЫ! ЭМНЕНИ АЙТАЙЫН ДЕП АТАСЫҢ?
ЧӨЛДӨН КАТУУ ШАМАЛ КЕЛИП... ҮЙДҮ ТАЛКАЛАДЫ...
БИЗ УРАНДЫЛАРДЫН АРАСЫНАН АДАМДАРДЫ ТАПТЫК, БИРОК АЛАР...АЛАРДЫН БААРЫ…
ЖОК. ОО ЖОК… ЖОК… ЖОК… ЖОК…
БУЛ МҮМКҮН ЭМЕС!!! ЖОК!!!
ЖОК!!!
МЕНИН КУЛУНДАРЫМ… МЕНИН БАЛДАРЫМ …



АЮБ 1:18-19



АЮБ 1:20






АЮБ 1:20


БИР НЕЧЕ КҮН ӨТКӨН СОҢ...


МЕН БУЛ ДҮЙНӨГӨ ЖЫЛАҢАЧ КЕЛГЕМ!
КӨРГӨ ДА УШУ БОЙДОН ЖЫЛАҢАЧ КЕТЕМ!
ТЕҢИР АШЫГЫ МЕНЕН БАТАЛАДЫ
БЕРГЕН ДА ТЕҢИР, АЛГАН ДА ТЕҢИР.
ТЕҢИРДИН ЫСЫМЫ ДАҢКТАЛСЫН!
ЭМНЕ ҮЧҮН БУГА ЖОЛ БЕРГЕНИНДИ БИЛБЕЙМ!
БИР ГАНА СЕНИН КҮЧҮҢӨ ЖАНА МЭЭРИМИҢЕ ТАЯНАМ...
ЖАПКЫЛА!



БИР КҮНҮ КАЙРАДАН КУДАЙДЫН УУЛДАРЫ ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА ТУРУШ ҮЧҮН КЕЛИШТИ.
КАЙРАДАН АСМАНДАН БИРИНЧИ КУУЛГАН АЛАР МЕНЕН БИРГЕ КЕЛДИ.
МЕНИН КУЛУМДАЙ ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ АДАМ ЖОК ДЕП АЙТПАДЫМ БЕЛЕ.
СЕН БОЛСО АНЫ ЖАЗЫКСЫЗ ЖЕРДЕН ӨЛТҮРҮШ ҮЧҮН, МЕНИ АГА КАРШЫ ТУКУРДУҢ.
АНЫН КАРМАНГАНЫ-НЫН БИР ГАНА СЕБЕБИ БАР!
СЕН АГА КОЛУМДУ ТИЙГИЗГЕНГЕ УРУКСАТ БЕРГЕН ЖОКСУҢ.
АДАМ ӨЗ ЖАНЫ ҮЧҮН КОЛУНДА ЭМНЕ БОЛСО, ОШОНУН БАРДЫГЫН БЕРЕТ!
БИРОК АНЫН ДЕНЕСИ МЕНЕН СӨӨГҮНӨ КОЛ ТИЙГИЗИП КӨРЧҮ!
МАКУЛ, УРУКСАТ БЕРЕМ.
СЕН ЖЫЙЫНТЫГЫ КАНДАЙ БОЛОРУН БИЛЕМ ДЕП ЖАТАСЫҢ.
БИРОК ЧЫНЫНДА МЕН АНЫ ЖАНА АНЫН ИШТЕРИН ЖАКШЫ БИЛЕМ.
АЮБ ЭМИ СЕНИН КОЛУҢДА.
БИРОК АНЫН ЖАНЫНА ТИЙБЕ!
ЧЫНЫНДА ИЛГЕРКИ ОКУЯДАН УЛАМ "БИР БИЛГЕНИМ БАР".



АЮБ, ЭМНЕ КЫЛЫП ЖАТАСЫҢ?
УКТАГАНГА АРАКЕТТЕН!
ДЕНЕМ КЫЧЫШЫП ЖАТАТ...МУРДА МЫНДАЙ БОЛЧУ ЭМЕС ЭЛЕ..
ООЙ… ООРУП ЖАТАТ.
АЮБ? ЭМНЕ БОЛДУ САГА?
АЮБ?
ИИЙ… ЖОК…



АЮБ 2:7



БАРДЫК ЖАГЫМ ООРУП ЖАТАТ…
ТЕРИМ… АШКАЗАНЫМ… БАШЫМ... ДЕМ АЛА АЛБАЙ ЖАТАМ…
ТУРУНДУ КАРАЧЫ!!!
СЕН ДАГЫ ЭЛЕ ӨЗҮҢДҮН КЕМЧИЛИКСИЗ-ДИГИНДЕ БЕК ТУРАСЫҢБЫ?
АЙ АЙ!!!
ОХХХ!!!
ТАРС
МУНУ БИР НЕРСЕ КЫЛЧЫ…
АЮБ!
КУДАЙДЫ КАРГАБАЙСЫҢБЫ!

АЮБ 2:8-9


КУДАЙГА АКАРАТ КЕЛТИР ДА, ӨЛ!!!
КУДАЙДАН БИЗ ЖАКШЫЛЫКТЫ КАБЫЛ АЛЫП, ЖАМАНДЫКТЫ КАБЫЛ АЛБАЙ КОЁБУЗБУ?
СЕН АКЫЛСЫЗ АЯЛДАЙ СҮЙЛӨП ЖАТАСЫҢ!
МЕН ЭМИ АНЫ ДА ЖОГОТТУМ…



АЮБ 2:9-10



АЮБ 2:8






АЮБ 2:8


ТИГИ ЖАКТА!!!
ТИГИНЕ!!!
ЧЫН ЭЛЕБИ? БУЛ… АРАҢ ЖАН АДАМ ГО!
АЮБ, УГАРЫБЫЗ МЕНЕН ЭЛЕ САГА КЕЛДИК!
АЛГАЧ БАРДЫК БАЙЛЫГЫҢДЫ, БАЛДАРЫҢДЫ ЖОГОТТУҢ!
ЭМИ МИНТИП!!!
АЮБ, АРТЫ КАЙРЫЛУУ БОЛСУН!!!
СЕНИН КАЙГЫҢДЫ ТЕҢ БӨЛҮШӨБҮЗ! САЛТКА ЫЛАЙЫК ЧОГУУ АЗА КҮТӨБҮЗ!
РАХМАТ... ДОСТОРУМ.

АЮБ 2:11-12


АЮБДУН ДОСТОРУ УНЧУКПАСТАН АНЫ МЕНЕН ЧОГУУ ЖЕТИ КҮН ОТУРУШТУ--
--ЖАНА ЖЕТИ ТҮН
АКЫРЫНДА...
МЕН ТУУЛГАН КҮН КУРУСУН!!!



АЮБ 2:11-3:1



БУТПАРАСТАР КҮН ТУТУЛГАНДА ЛЕБИЙАТАН КҮНДҮ ЖУТУП АЛУУ ҮЧҮН СУУНУН ТҮБҮНӨН ЧЫГАТ ДЕП АЙТЫШАТ.
МЕН ТУУЛГАН КҮНДҮ ЛЕБИЙАТАН ЖУТУП АЛСЫН!
БИРОК АЛ ТҮНДҮ КАРАҢГЫЛЫК БАСЫП КАЛГАНЫ ҮЧҮН АЛ АЧКА КАЛМАК!
СЕН ЭМНЕ ДЕП ЖАТАСЫҢ?
ЭНЕМДИН ЖАТЫНЫНДА ӨЛҮП КАЛБАЙ!
КЕДЕЙ-БАЙ, ЖАКШЫ-ЖАМАНДЫН БААРЫ БИР КҮНҮ ЖЕРГЕ КИРИП, ЖАНЫ ЖАЙ АЛАТ!
А МЕНДЕ ТЫНЧТЫК ЖОК...
АЮБ, МЫНА БИР КАНЧА КҮНДӨН БЕРИ СЕНИ МЕНЕНБИЗ. САГА БИР СӨЗ АЙТУУГА УРУКСАТ БЕР?
СЕН ДАЙЫМА БИЗДИ КУДАЙДАН ҮМҮТТӨНГҮЛӨ ДЕП ҮЙРӨТТҮҢ.
ЭМИ ӨЗҮҢДҮН БАШЫҢА МҮШКҮЛ ТҮШКӨНДӨ, АЛСЫРАП КАЛДЫҢ.
ЭСТЕП КӨРЧҮ, АЙЫПСЫЗ АДАМ ӨЛДҮ БЕЛЕ? БАЛКИМ, КҮНӨӨ КЕТИРГЕНДИРСИҢ--?
ҮМҮТТӨНГӨНДӨЙ, МЕНДЕ КАЙСЫ КҮЧ БАР ЭЛЕ?
АЮБ, КУДАЙ КҮНӨӨСҮЗДӨРДҮ ЖАЗАЛАБАЙТ!
КЫЯНАТТЫК ЭККЕНДЕР МЕНЕН ЖАМАНДЫК СЕПКЕНДЕР ОШОНУ ЭЛЕ ОРУП АЛЫШАТ.
ЭЛИПАЗ, МЕН ЭМНЕ КЫЛДЫМ?


ЖАМАНДЫК ЖАНА ООРУЛАРЧЫ!!!
АДАМДЫН ЖАШООСУНА ЖӨНДӨН-ЖӨН КЕЛБЕЙТ ДА!
БИР ТҮНҮ УКТАЙ АЛБАЙ ЖАТКАНДА АЯН АЛДЫМ…
ҮСТҮМӨН БИР РУХ УЧУП ӨТТҮ, МЕН ҮН УКТУМ:
АДАМ КУДАЙДАН ДА АДИЛЕТТҮҮ БЕКЕН?
АДАМ ӨЗ ЖАРАТКАНЫНАН ДА ТАЗА БЕКЕН?
АЛ ӨЗ ПЕРИШТЕЛЕРИНЕН ДА КЕМЧИЛИКТЕРДИ КӨРӨТ. АНДАН БЕТЕР, ТОПУРАКТАН ЖАСАЛГАН ИЙБАДАТКАНАДА ЖАШАГАНДАРДАН ДА КЕМЧИЛИК КӨРӨТ.
АЮБ, МЕН ТАЖРЫЙБАЛУУ АДАМ КАТАРЫ КЕҢЕШ АЙТАЙЫН, МЕНИ УК.
КУДАЙДЫ ИЗДЕ!
ЖАНА КУБАН! АНТКЕНИ КУДАЙ СЕНИ ЭСИҢЕ КЕЛТИРИШ ҮЧҮН ТАНДАП АЛДЫ!
ЭМНЕГЕ КУБАНАЙЫН?
АНТКЕНИ АЛ ӨЗҮ ЖАРАДАР КЫЛАТ ДА, ӨЗҮ ЖАРАТТЫ ТАҢАТ. УРУП ЖАРАДАР КЫЛАТ ДА, КАЙРА ЭЛЕ ӨЗ КОЛУ МЕНЕН ДАРЫЛАЙТ.
ЭЛИПАЗ, САГА БИР НЕРСЕ АЙТАЙЫНБЫ?


БАЛДАРЫМ ЖЕР АСТЫНДА ЖАТАТ. ӨЗҮМ МИНТИП ДАРТ МЕНЕН КУУРАП АТАМ!
ОШЕНТСЕ ДА, МЕН ЭЧ КАЧАН КУДАЙГА НААЛАТ АЙТКАН ЖОКМУН!
ЖҮЗҮМӨ ТИКЕ КАРАСАҢАР, СИЛЕРДИН АЛДЫҢАРДА МЕН КАЛП АЙТМАК БЕЛЕМ?
КҮНӨӨМДҮ КӨРСӨТӨ АЛБАЙСЫҢ!
КӨЗҮМДҮ КАРАЧЫ, ЭЛИПАЗ!
КАЙРА КАРАП КӨРГҮЛӨ, МЕНИКИ ТУУРА!
ОО, КУДАЙЫМ! ДЕНЕМДИ КУРТ КАПТАП, КАРТТАНЫП, ТЕРИЛЕРИМ ЖАРЫЛЫП, ИРИҢДЕП ЖАТАТ!
КЫЙНАЛГАНЫМАН УЛАМ СҮЙЛӨП ЖАТАМ, ЖАН-ДҮЙНӨМ ЖАБЫР ТАРТКАНЫНАН УЛАМ ДАТТАНЫП ЖАТАМ!
ЭЛИПАЗ АЙТКАНДАЙ КҮНӨӨЛҮҮ БОЛСОМ, МАГА КҮНӨӨМДҮ КӨРСӨТЧҮ!
СЕН КҮНӨӨМДҮ КӨРСӨТӨРҮҢ МЕНЕН, АЛДЫҢА КЕЛИП АЛАРДЫ МОЙНУМА АЛАМ!
МЕН ЭМИ ТОПУРАККА ЖАТАМ. ЭРТЕҢ МЕНИ ИЗДЕЙСИҢ, БИРОК МЕН ЖОК БОЛОМ...
АЮБ?

АЮБ 6-7


ООЗУНДАН ЧЫККАН СӨЗДӨР – ДУУЛДАГАН ШАМАЛ!
КУДАЙ ЧЫНДЫКТЫ ӨЗГӨРТБӨЙТ!
ЭГЕРДЕ СЕН ТАЗА БОЛСОҢ, АНДА АЛ СЫЙЫНУУҢА ЭЧАК ЖООП БЕРМЕК.
МУРДАГЫ МУУНДАРДАН СУРА, АЛАРДЫН АТАЛАРЫНЫН БААМДАГАНДАРЫН КӨҢҮЛҮҢӨ ТҮЙ.
БИЗДИН ЖЕРДЕГИ ӨМҮР КӨЛӨКӨ. КӨП НЕРСЕНИ БИЛБЕЙБИЗ. АТА-БАБАЛАРДЫН АКЫЛМАНДЫГЫНАН ҮЙРӨНҮҮ КЕРЕК.
КАМЫШ СУУСУЗ ӨСӨБҮ? КУДАЙДЫ УНУТКАНДАРДЫН БАРДЫГЫНЫН ЖОЛУ УШУНДАЙ!
ОТОО ЧӨПТӨР АР КАНДАЙ ЧӨПТӨН МУРДА КУУРАП КАЛАТ. ДЫЙКАН АЛАРДЫ АЯБАЙТ-
ЫРГЫТЫП САЛАТ!
КУДАЙ ТАКЫБААНЫ ЧЕТКЕ КАКПАЙТ!
ЗУЛУМДАРДЫ КОЛДОБОЙТ!
ТОБО КЫЛ, АЮБ! ОШОНДО УУРТУҢ КҮЛКҮГӨ ТОЛОТ!


БИЛДАД, МЕН ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ ТАКЫБА, КҮНӨӨСҮЗ АДАМ БОЛСОМ ДАГЫ, МАГА ТЕҢИРДИН ЫРАЙЫМЫ КЕРЕК!
ЫЙЫК КУДАЙ МЕНЕН БААРЛАШУУМ ҮЧҮН МАГА ЫЙЫК АРАЧЫ КЕРЕК!
БИРОК КИМ? ЭЧ КИМ ЖОК!
КУДАЙЫМ, СЕН МЕНИ ӨЗ КОЛУҢ МЕНЕН ЖАСАДЫҢ,
АНДА ЭМНЕ ҮЧҮН МЕНИ КЫЙНАП ЖАТАСЫҢ? СЕН АНДА МЕНИ ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАРАТТЫҢ?
ЭГЕРДЕ МЕН АЙЫПТУУ БОЛСОМ, АНДА ЭМНЕ ҮЧҮН БЕКЕР ЭЛЕ КЫЙНАЛЫП ЖАТАМ?
СӨЗДӨР! СӨЗДӨР! СӨЗДӨР!
СӨЗДӨР САГА КЕЧИРИМ АЛЫП КЕЛБЕЙТ!
СЕН КҮНӨӨСҮЗ ЖАНА ТАЗА ЭКЕНИҢДИ АЙТЫП ЖАТАСЫҢ. БИРОК АЛ ЖӨН ГАНА СӨЗДӨР!
МЕН АЙТАЙЫН ДЕГЕНИМ БАШКА!
ТЕҢИР АЛДАМЧЫЛАРДЫ БАТ ЭЛЕ БИЛИП КОЕТ, АЮБ!
ОШОНДОЙ ЭЛЕ АКЫЛМАН КӨРҮНГҮСҮ КЕЛГЕН АКЫЛСЫЗДАРДЫ ТЕЗ ЭЛЕ БИЛИП КОЕТ!
СЕН КАЙСЫНЫСЫ БОЛОСУҢ, АЮБ? КҮНӨӨКӨР, АЛДАМЧЫ ЖЕ АКЫЛСЫЗБЫ?

АЮБ 9-11:12






АЮБ 11:12-13:19




АЮБ 13:20-17:16



СЕН БИЗДИ АКЫЛСЫЗ ДЕП ТУРАСЫҢБЫ?
БИЗДИН ӨЗ КӨЗҮБҮЗ БАР! КҮБӨ БОЛУП ТУРАБЫЗ!
МЫЙЗАМСЫЗДЫН ӨМҮРҮ МЫНА УШУНДАЙ!
БАРДЫК ТАРАБЫНАН КОРКУНУЧТАР АНЫН ҮРӨЙҮН УЧУРУП, АРЫ-БЕРИ АЛДАСТАТАТ!
АНЫН АТЫ ЖЕР ҮСТҮНДӨН ӨЧӨТ, АНЫН ЫСЫМЫ АЯНТТА ООЗГО АЛЫНБАЙ КАЛАТ!
ТҮШҮНДҮҢБҮ?
ООБА! АЗЫР ОШОНУН БААРЫ БОЛУП ЖАТАТ!
ӨЗ ҮЙҮМДӨ БӨТӨН БОЛУП ТУРАМ!
МЕНИ АЯСАҢАР БОЛО, БИЛДАД!
СОПАР ЖАНА ЭЛИПАЗ, МЕНИ ТЫНЧ КОЙГУЛА!
ЭЛИХУ, МЕНДЕН БАШ ТАРТПА!
МЕНДЕН КИЙИН КЕЛГЕНГЕ МЕНИН СӨЗДӨРҮМ ЖЕТСЕ ГАНА...
МЕНИН КУТКАРУУЧУМ ТИРҮҮ ЭКЕНИН БИЛЕМ.
МЕНИН ДЕНЕМ МЕНЕН БУЛЧУҢДАРЫМ ЖОК БОЛУП ЧИРИГЕН КҮНҮ ДА, МЕН ТЕҢИРИМДИ КӨРӨМ!
БИРОК СИЛЕР!!!



АЮБ 18-19:27


СИЛЕР: “БИЗ АНЫ ЭМНЕГЕ КУУГУНТУККА АЛЫП ЖАТАБЫЗ?”– ДЕП АЙТУУҢАР КЕРЕК ЭЛЕ....
КЫЛЫЧТАН КОРККУЛА, АНТКЕНИ КЫЛЫЧ ЖАЛГАНДАН ӨЧ АЛАТ!
СОТ БАР, МУНУ БИЛГИЛЕ!
ЭГЕР УШУНУН БААРЫ МЕНИН ЖАМАН ИШТЕРИМ ҮЧҮН БОЛУП ЖАТСА, СИЛЕРДИН КЕЗЕГИҢЕР КЕЛГЕНДЕ КӨРӨМ!!!
СЕН...
МЕН...
МИНТИП АЙТУУГА КАНТИП БАТЫНДЫҢ!?!
СЕН ӨЗҮҢДҮН ЫПЛАС ИШТЕРИҢ ҮЧҮН ЖАЗАЛАНЫП ЖАТАСЫҢ, БИЗДИН ЭМЕС!
СИЛЕР ЖАМАН ИШТЕРИМ ҮЧҮН ЖАЗАЛАНГАНЫМДЫ АЙТЫП ЖАТАСЫҢАР. БИРОК МЕН ЭМНЕ ЖАМАНДЫК КЫЛДЫМ?
СЕН КҮНӨӨЛӨРҮҢДҮ ЖАШЫРДЫҢ, АЮБ.
ОО, КЫЯНАТТЫК СЕНИН ООЗУҢДА БАЛДАЙ ТАТТУУ, СЕН АНЫ ТИЛИҢДИН АСТЫНДА ЖАШЫРЫП ТУРАСЫҢ...
АНЫ САКТАП ЖҮРӨСҮҢ, ТАШТАП САЛБАЙ, ООЗУҢДА КАРМАП ЖҮРӨСҮҢ!
МЫЙЗАМСЫЗ-ДАРДЫН БАРАР ЖЕРИ БИР!
МЫЙЗАМСЫЗДАР-ДЫН ҮЙҮНӨ ЖЫЙГАНЫ ЖОК БОЛОТ, КУДАЙДЫН КААРЫ КЕЛГЕН КҮНҮ БАРДЫГЫ АГЫП ЖОК БОЛОТ.
АНЫН МЫЙЗАМСЫЗДЫ-ГЫН АСМАН АЧАТ, ЖЕР АГА КАРШЫ ЧЫГАТ!
СЕН СЫЯКТУУ!
СОПАР, МЕНИ КАРАЧЫ!


БҮГҮН ДА МЕНИН СӨЗҮМ КАЙГЫЛУУ. ТАРТКАН АЗАПТАРЫМ ОНТООЛОРУМДАН ООР!!
СЕН МЫЙЗАМСЫЗДАР ЭРТЕ ӨЛӨТ ДЕП ЖАТАСЫҢ! БУЛ КАЛП!
ЖАМГЫР АДИЛЕТСИЗ ЖАНА АДИЛЕТТҮҮЛӨРГӨ БИРДЕЙ ТӨГӨТ!
МУНУН СЕБЕБИН ТҮШҮНБӨЙМ. БИР ГАНА КУДАЙ АНЫ БИЛЕТ. АНЫН ЖОЛДОРУ ИЗИЛДЕНГИС!
БИРОК КУДАЙ СЕНИН ЫЙЫКТЫГЫҢ ҮЧҮН ЖАЗАЛАГАН ЖОК ДА.
МЫЙЗАМСЫЗ ӨЗ КҮНӨӨСҮН АДАМДАРДАН ЖАШЫРСА ДА, КУДАЙ АНЫ КӨРҮП ТУРАТ!
БИРОК ЭЛИПАЗ, МЕН ТЕҢИРДИН ЖҮРӨГҮН БИЛГИМ КЕЛЕТ.
СЕН АЙТКАНДАЙ, КУДАЙ МЕНИН ЖҮРӨГҮМДҮ КӨРҮП ТУРАТ.
АНЫН ООЗУНАН ЧЫККАН ОСУЯТТАРДАН БУРУЛУП КЕТПЕДИМ. АНЫН ООЗУНАН ЧЫККАН СӨЗДӨРДҮ ӨЗ ЭРЕЖЕМДЕН АРТЫК САКТАДЫМ...
БИР ГАНА АЗЫР ОШОЛ СӨЗДӨРДҮ УКПАЙ ЖАТАМ!


ЖАКЫРЛАР ТОНОЛУШАТ. ЖЫЛАҢАЧТАР СУУКТА ЖАМЫНЧЫСЫЗ, КИЙИМСИЗ ТҮНӨШӨТ.
БУЗУЛГАН АДАМ КҮҮГҮМДҮ КҮТҮП: “МЕНИ ЭЧ КИМ КӨРБӨЙТ”, – ДЕП, БЕТИН ЖААП АЛАТ.
АДАМ АДАМДЫ ӨЛТҮРҮП, АЯЛ МЕНЕН ЭРКЕК ОЙНОШТУККА БАРАТ.
АЛАР МЕНЕН САЛЫШТЫРГАНДА МЕН ЭМНЕ КҮНӨӨ КЫЛДЫМ!
КУДАЙДЫН КҮЧҮ МЕНДЕ БОЛГОНДО БАРДЫК МЫЙЗАМСЫЗДАРДЫ ЖОГОТМОКМУН.
БИРОК КУДАЙ ЭЧ НЕРСЕ КЫЛБАЙТ. ЭМНЕ ҮЧҮН?
БАЛКИМ, ЭГЕР ТЕҢИР МЫЙЗАМСЫЗДАРДЫ ЖЕР ҮСТҮНӨН ЖОК КЫЛСА, МЕН ДА АЛАРДЫН АРАСЫНДА БОЛОР БЕЛЕМ!
АЮБ, СЕН ӨЗҮҢДҮ ӨЗҮҢ УГУП ЖАТАСЫҢБЫ?
МЕН ЖАЛГАН АЙТЫП ЖАТАМБЫ?
КУДАЙ ЧЫНЫНДА КҮЧТҮҮ, ЫЙЫК ЖАНА ТАЗА ЭКЕНИ ТУУРА ДЕЧИ.
БИРОК АДАМЧЫ?
АДАМ БАЛАСЫ БАР БОЛГОНУ КУРТ, АЮБ!
СЕН АЮБ, КУДАЙДЫН АЛДЫНДА КУРТ ЭЛЕСИҢ…
ЧЫН ЭЛЕБИ, БИЛДАД?


СЕН ЧЫНЫНДА МЕНИ КУБАНТЫП ЖАТАСЫҢ!
МЫНЧАЛЫК АКЫЛМАНДЫКТЫ СЕН КАЙДАН АЛГАНСЫҢ?
АЮБ, МЕН ЖӨН ГАНА БАШКА АКЫЛМАН КИШИДЕН ҮЙРӨНГӨНҮМДҮ АЙТЫП ЖАТАМ!
АА, “БАШКА АКЫЛМАН КИШИ” ДЕЧИ.
ЖАРАТКАН ТҮНДҮК УЮЛДУ БОШТУК ҮСТҮНӨ ЖАЙГАН, ЖЕРДИ ЖОК НЕРСЕНИН ҮСТҮНӨ ИЛИП КОЙГОН --
-- ТЕҢИР БААРЫН ЖАРАТКАН. АНЫН ЖОЛДОРУНУН БИР БӨЛҮГҮ ГАНА МЫНА УШУЛ!
КУДАЙ ЖАНЫМДАН БАШКАСЫНЫН БААРЫН АЛДЫ.
АЛ МЕНИ МЕНЕН СҮЙЛӨШПӨСӨ ДЕЛЕ, МЕН АГА КАРШЫ БИР ДА СӨЗ АЙТПАЙМ!
СҮЙЛӨГӨН САЙЫН ЖАНЫМ ООРУЙТ, АНДЫКТАН АР БИР СӨЗҮМ ЭСЕПТЕ...
ЧЫНДЫКТЫ АЙТКАНГА ГАНА УБАКТЫМ БАР.
МЫЙЗАМСЫЗ КҮМҮШТҮ ТОПУРАКТАЙ ЖЫЙЫП АЛАТ, КИЙИМДИ ЫЛАЙДАЙ КӨП ДАЯРДАП АЛАТ....
ДАЯРДАГАНЫ МЕНЕН, АНЫН КИЙИМИН АДИЛ АДАМ КИЕТ.



АЮБ 26-28:11


АЛТЫН МЕНЕН КҮМҮШТҮ САТЫП АЛСА БОЛОТ.
АЛТЫН МЕНЕН КҮМҮШТҮ КАЗЫП АЛСА БОЛОТ.
АЛТЫН МЕНЕН КҮМҮШ БЕЛЕККЕ БЕРИЛЕТ.
АЛТЫН МЕНЕН КҮМҮШ КЕНЧ КАТАРЫ УУРДАЛАТ!
АСЫЛ ТАШТАР ЖОГОЛОТ!
АСЫЛ ТАШТАР АКЫРЫ КОЛДОН ЧЫГАТ.
БИРОК ЭҢ КЫМБАТ БАЛУУ КЕНЧ ЖОГОЛБОЙТ...
ОШОНДО ЭҢ КЫМБАТ БААЛУУ КЕНЧ БУЛ ЭМНЕ?
АКЫЛМАН-ДЫК!
АТА-БАБАЛАРДЫН ТАЖРЫЙБАСЫНАН ЖЕ БАЙКООДОН КЕЛИП ЧЫККАН АКЫЛМАНДЫК ЭМЕС!
БИРОК АКЫЛМАНДЫК КАЙДАН АЛЫНАТ?
“МЫНА, АКЫЛМАНДЫК ДЕГЕН – КУДАЙДАН КОРКУУ, АКЫЛ ДЕГЕН – КЫЯНАТТЫКТАН КАЧУУ”».
АКЫЛМАНДЫК БУЛ КУДАЙ КААЛАГАНДАЙ ЖАШООГО УМТУЛУУ!
КУДАЙ МЕНИ САКТАП ЖҮРГӨН КҮНДӨРДӨГҮДӨЙ БОЛСОМ КАНА!
АНЫН ЧЫРАКТАНЫ МЕНИН ҮСТҮМДӨ КҮЙҮП ТУРЧУ, КАРАҢГЫДА МЕН АНЫН ЖАРЫГЫ МЕНЕН ЖҮРЧҮМҮН!
АЮБ 28:12-29:6


ЖИГИТТЕР МЕНИ КӨРҮП, ЖАШЫНЫП КАЛЫШЧУ, КАРЫЛАР ОРДУНАН ТУРУП, ТУРУП ТУРУШЧУ.
ТӨРӨЛӨР СӨЗҮН ТОКТОТУП, КОЛДОРУ МЕНЕН ООЗДОРУН ЖАБЫШАР ЭЛЕ. СИЛЕРДЕЙ ЭМЕС.
ЭМНЕ ҮЧҮН?
СЕБЕБИ МЕН ЖАРДАМ СУРАГАН ЖАКЫРДЫ ДА, КАРАЙ ТУРГАН КИШИСИ ЖОК ЖЕТИМДИ ДА САКТАП КАЛЧУМУН...
МЕН АДИЛЕТТИКТИН КИЙИМИН КИЙИП ЖҮРЧҮМҮН…
ЫЙЛАГАНДАРДЫ СООРОТЧУМУН.
МЕН СОКУРГА КӨЗ, АКСАККА БУТ БОЛЧУМУН. МЕН ПАДЫША СЫМАЛ ЭЛЕМ!
АЗЫРЧЫ...
АЗЫР БОЛСО МЕНИ ӨЗҮМДӨН КИЧҮҮЛӨР ШЫЛДЫҢ КЫЛЫП ЖАТЫШАТ!



АЮБ 29:7-30:1


КУДАЙ МЕНИ БАТАЛАБАЙ КАЛДЫ.
МЕН АДИЛЕТТИКТИ ИЗДЕСЕМ ДА, МЕНИ ЖАМАНДЫК ТАБАТ.
ЖАРЫКТЫ ИЗДЕСЕМ ДА, КАРАҢГЫДАМЫН.
ЖАРДАМ СУРАП ЫЙЛАСАМ ДА, ЭЧ КИМ КОЛУН СУНБАЙТ…
СЕНДЕН БАШКА ЭЧ КИМ...
БИР КАНЧА АЙ МУРУН ЭЛЕ АСПАПТА ОЙНОГОНУМДА, АДАМДАР КЕЛИП МЕНИ МЕНЕН БИЙЛЕШЧҮ!
АЗЫР БОЛСО ЫРДАСАМ, СЕН МЕНИНКҮНӨӨЛӨ-РҮМДҮ САНАГАНГА ШАШАСЫҢ!
БАШКА ЭМНЕ ДЕЙМ, КАНТИП МУНУН СЕБЕПТЕРИН ТҮШҮНДҮРӨ АЛАМ...
ЖОК!!!
КЫЗДЫ ЭЧ КАЧАН КАРАБАЙМ ДЕП, КӨЗҮМ МЕНЕН КЕЛИШИМ ТҮЗГӨМ.
МЕН ДАЙЫМА ЧЫНДЫКТЫ АЙТАМ!
МУКТАЖДАРГА ДАЙЫМА ЖАРДАМ БЕРДИМ!
ДУШМАНДАРЫМДЫН КАЙГЫСЫН КӨРҮП ТАБАЛАБАЙМ!

АЮБ 30:2-31:40







АЮБ 31:11-32:22


СЕН КУДАЙ МАГА ЖООП БЕРБЕЙ ЖАТАТ ДЕП ЖАТАСЫҢ? АЛ ӨЗҮНҮН ИШТЕРИНИН БИРИНИН ДА ЭСЕП-КЫСАБЫН БЕРБЕЙТ.
БИРОК АЛ БИЗ КҮТКӨНДӨЙ ЭМЕС, БАЛКИМ БАШКА ЖОЛДОР АРКЫЛУУ СҮЙЛӨЙТ!
ТҮШ … СӨЗДӨР… ПЕРИШТЕЛЕР АРКЫЛУУ…
ТАЖРЫЙБА… КААДА-САЛТ…ЖАНА ЖАЗАЛОО …
КУДАЙ МЕНЕН БААРЛАШУУҢ АНЫ ЖАКШЫЛАП ТААНЫГАНГА ЖАРДАМ БЕРЕТ!
КУДАЙ СЕНИ ЖАЗАЛАГАН БОЛСО, АЛ КУДАЙГА КАЙТЫП КЕЛИШИҢЕ ЖАРДАМ БЕРЕТ!
БИЗ БААРЫБЫЗ КӨП НЕРСЕГЕ ТАТЫКСЫЗБЫЗ!
ТЕҢИР БИЗДИН КАРАҢГЫДАН ЖАРЫККА КЕЛИШИБИЗ ҮЧҮН КОЛУНАН КЕЛГЕНИН КЫЛЫП ЖАТАТ!
ЭЛИХУ, БИРОК КУДАЙ МЕНИН АДИЛДИГИМДИ ТӨГҮНГӨ ЧЫГАРДЫ. АЛ МАГА ЖООП БЕРБЕЙ ЖАТАТ!
АЛ СЕНДЕН БАШ ТАРТКАН ЖОК!
ЖАЛГАНЧЫ БОЛГОНДОРГО ЖООП БЕРБЕЙТ --
АЛ КИШИЛЕРДИН ТЕКЕБЕРДҮҮЛҮГҮНӨН АЛАРГА ЖООП БЕРБЕЙТ --
--СЕН АНЫ КҮТӨ БЕРИП ТАЖАГАНЫҢАН УЛАМ ЭЛЕ САГА ЖООП БЕРИШИ КЕРЕКПИ?


КУДАЙ АДАМДАРДЫ КЫЙНАБАЙТ!
АЛ БИЗДИН УЛУУ ОКУТУУЧУ, ӨЗҮ ЖАРАТКАН МЫЙЗАМДАРДЫ БИЗГЕ ҮЙРӨТӨТ!
ААЛАМ АНЫН БУЙРУКТА-РЫН АТКАРАТ!
ЧАГЫЛГАНДЫН КҮРКҮРӨШҮ ТЕҢИРДИН ҮНҮНӨ ТЕҢЕЛЕ АЛБАЙТ!
ЖАМГЫР МЕНЕН КАРДЫН КАЙСЫ УБАКТА ЖААШЫН АЙТАТ!
АНЫН ДЕМИНЕ ШАМАЛ ДА ТЕҢЕЛЕ АЛБАЙТ!
АНАН СЕН АЛ УНЧУКПАЙТ ДЕЙСИҢБИ?
АЛ БУЛ ЖЕРДЕ, АЮБ!
АЛ СҮЙЛӨЙТ!
МЕН АЙРЫМ АДАМДАРГА КАРАГАНДА КӨП НЕРСЕГЕ АКЫЛЫМ ЖЕТПЕЙТ. БИРОК, МЕН СЕН АЙТКАН СӨЗДӨРДҮ АГА АЙТПАЙТ БОЛЧУМУН.
КУДАЙ КУДУРЕТТҮҮ, АДИЛЕТТҮҮ ЖАНА ТАКЫБА.
АНДАН КОРКУУ КЕРЕК!
КҮРКҮРӨГӨН ЧАГЫЛГАНДЫ, ДЕГИ ЭЛЕ ААЛАМДЫ БАШКАРГАНГА ТАБЫНУУ ТУУРА!
ООБА…


ООБА…
ТУУРА АЙТАСЫҢ.



АЮБ?
УГУП ЖАТАМ, ТЕҢИРИМ?
АЮБ...
СЕН БААРЫН ТҮШҮНҮП ТУРГАНДАЙ СҮЙЛӨП ЖАТАСЫҢ!
БИРОК СЕНИН СӨЗДӨРҮҢДӨ МЕНИН АКЫЛМАНДЫГЫМ ЖОК!
МЕН АЛАРДЫН АКЫЛСЫЗ СӨЗДӨРҮНӨ ЖООП БЕРЕЙИН ДЕП...
АЮБ!!!
МЕН САГА СҮЙЛӨП ЖАТАМ!
АЛАРГА ЭМЕС!
МАКУЛ, ТЕҢИРИМ.




АЮБ 38:1-2


ЭРКЕКТЕЙ БОЛУП БЕЛИҢДИ БУУ, МЕН СЕНДЕН СУРАЙЫН, СЕН МАГА ТҮШҮНДҮРҮП БЕР!
МАКУЛ, ТЕҢИРИМ.
МЕН… АРАКЕТ КЫЛАЙЫН.
МЕН ЖЕРДИН НЕГИЗИН ЖАРАТКАНДА, МЕН АГА БУЛУТТУ КИЙИМ КЫЛЫП, МУНАРЫКТЫ ЖАЛАЯК КЫЛЫП, ЖЫЛДЫЗДАРДЫ ЖАРАТКАНДА- -
СЕН КАЙДА ЭЛЕҢ?
БУЛАРДЫН КАНТИП ПАЙДА БОЛГОНУН ТҮШҮНДҮРҮП БЕРЕ АЛАСЫҢБЫ?
ЖАРЫК ЖАШАГАН ЖЕРГЕ БАРЧУ ЖОЛ КАЙДА? КАРАҢГЫНЫН ТУРГАН ЖЕРИ КАЙДА?
СЕН ДЕҢИЗДИН ТЕРЕҢИНЕ ТҮШТҮҢ БЕЛЕ?
СЕН КИМ ТОП ЖЫЛДЫЗЫНЫН ТҮЙҮНҮН БАЙЛАЙ АЛАСЫҢБЫ, ТОП ЖЫЛДЫЗДЫ ӨЗ МААЛЫНДА ЧЫГАРА АЛАСЫҢБЫ?

АЮБ 38:3-38:38





АЮБ 38:39-40:14




АЮБ 40:15-40:24


ЛЕБИЙАТАНЧЫ!?
СЕН АНЫ КАЙЫРМАК МЕНЕН ТАРТЫП ЧЫГАРА АЛАСЫҢБЫ?!
АНЫН ТЕРИСИН НАЙЗА МЕНЕН ТЕШЕ АЛАСЫҢБЫ, БАШЫН БАЛЫККА ЫРГЫТКАН ДЕГЭЭ МЕНЕН САЯ АЛАСЫҢБЫ?
КИМ АНЫН ТЕРИСИН СЫЙРЫЙ АЛАТ, КИМ АНЫН КОШ ЖААГЫНА ЖАКЫНДАП БАРА АЛАТ?

АЮБ 41:1-34


АНЫН ТЫНЧЫН АЛГАНГА БАТЫНГЫДАЙ БААТЫР ЖОК!
АНАН МЕНИН АЛДЫМДА КИМ ТУРУШТУК БЕРИП ТУРА АЛАТ?
АЮБ, МЕН АЙ-ААЛАМДЫ ЖАРАТЫП, АГА ЖЕРДИ ЖАЙГАШТЫРГАМ.
ЖЕР ҮСТҮНДӨ ЖАН-ЖАНЫБАРЛАРДЫ ЖАРАТТЫМ.
МЕН СЕНИ ЖАРАТТЫМ.
ИШЕН МАГА!


СЕНИН БААРЫН ЖАСАЙ АЛАРЫҢДЫ БИЛЕМ.
МЕН ӨЗҮМ ТҮШҮНБӨГӨН НЕРСЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ, ӨЗҮМ БИЛБЕГЕН КЕРЕМЕТТҮҮ ИШТЕР ЖӨНҮНДӨ АЙТКАМ.
КИМДЕ СЕНИН КҮЧҮҢ, АКЫЛМАНДЫГЫҢ, АДИЛЕТТИГИҢ БАР ЭКЕНДИГИН СУРАДЫҢ.
ЭЧ НЕРСЕНИ ТҮШҮНБӨЙ ТУРУП, КУДАЙДЫН ЧЕЧИМИН КАРАҢГЫЛАГАН БУЛ КИМ?
МЕН.
КЕЧИРИМ СУРАЙМ.


СЕН СУРАГАН СУРООЛОРГО МЕНДЕ ЖООП ЖОК! АЛАРДЫН ЖООПТО-РУН БИР ГАНА СЕН БИЛЕСИҢ.
МЕН СЕН ЖӨНҮНДӨ УШУГА ЧЕЙИН КУЛАГЫМ МЕНЕН УККАМ.
АЗЫР БОЛСО СЕНИ ӨЗ КӨЗҮМ МЕНЕН КӨРҮП ТУРАМ...
КЕЧИР МЕНИ!
СЕНИН АКЫЛМАНДЫГЫҢ МЕНДЕ ЖОК, БИРОК МЕН АГА ТАЯНАМ!
МЕН МУРУНКУ АЙТКАН СӨЗДӨРҮМДӨН БАШ ТАРТАМ, ТОПУРАК МЕНЕН КҮЛГӨ ОТУРУП АЛЫП ӨКҮНӨМ!
АЮБ, МЕН САГА АЧУУЛАНГАНЫМ ЖОК.
СЕН МАГА СУРООЛОРДУ БЕРГЕНИҢ МЕНЕН, МАГА КАРШЫ ЭЧ КАЧАН СҮЙЛӨГӨН ЖОКСУҢ.
СЕН МЕНИН КУЛУМСУҢ, СЕН МЕНИН ДОСУМСУҢ.
АЛ ЭМИ ҮЧӨӨҢӨР БОЛСО...

АЮБ 42:3-42:7


АЮБГА КААРЫМ КАЙНАГАНДЫКТАН ЭМЕС, АНЫ МЫНДАН ДА ЖАКШЫ БОЛСУН ҮЧҮН АГА АЙТЫП ЖАТАМ.
БИРОК СИЛЕР МЕНИН АЧУУМДУ КЕЛТИРДИҢЕР.
СИЛЕР МЕНИН КҮЧҮМ МЕНЕН АДИЛЕТТИГИМДИ АЙТЫП, БИРОК ЫРАЙЫМ МЕНЕН БИЙЛИГИМДИ УНУТТУҢАР!
СИЛЕР АЮБДУ ЖАЛГАНЧЫ ДЕП АЙЫПТАП, АНЫ ЖАЗАЛАП ЖАТКАНЫМДЫ АЙТТЫҢАР!
СИЛЕР МЕН ЖӨНҮНДӨ МЕНИН КУЛУМ АЮБДАЙ ТУУРА СҮЙЛӨБӨГӨНҮҢӨР ҮЧҮН.
ЖЕТИ БУКАЧАР, ЖЕТИ КОЧКОР АЛЫП, МЕНИН КУЛУМ АЮБГА БАРЫП, ӨЗҮҢӨР ҮЧҮН КУРМАНДЫК ЧАЛГЫЛА.
ОШОНДО МЕНИН КУЛУМ АЮБ СИЛЕР ҮЧҮН СЫЙЫНАТ. СИЛЕРДИ ЖАЗАЛАБАШЫМ ҮЧҮН, МЕН АЮБДУ ГАНА КАБЫЛ АЛАМ.
ТОБО КЫЛГЫЛА.



АЮБ 42:7-42:9


МУҢ-
ЗАРЫМДЫН
УБАКТЫСЫ
БҮТТҮ.
ҮЙГӨ КАЙТУУГА
УБАКЫТ КЕЛДИ.
АЮБ,
ЖАКШЫ
ЭЛЕСИҢБИ?
ООБА...
ЖАНА ЖОК.
БАЛДАРЫМДЫ
ЭСТЕП ЖАМАН
БОЛУП ТУРАМ
ДАГЫ ЭЛЕ…
АЮБ?
ЭГЕР СИЛЕР
КУДАЙ АЙТКАНЫН
АТКАРГЫҢАР
КЕЛСЕ, МЕН
СИЛЕРДИ ҮЙҮМДӨ
КҮТӨМ.

АЮБ 42:9




КЕЛ, АЮБ, СЕНИ ҮЙҮҢӨ ЖЕТКИРИП КОЕЮН.
АЮБ?
ЭМНЕ БОЛДУ?
БИЛБЕЙМ...
МЕН ТҮШҮНБӨГӨН, ТҮШҮНӨ АЛБАГАН... ДАГЫ БИР НЕРСЕ!
КУДАЙГА АЛКЫШ АЙТА ТУРГАН ДАГЫ БИР СЕБЕП!




АЮБДУН ДОСТОРУ КУДАЙ КАНДАЙ БУЙРУК КЫЛСА, ОШОНДОЙ КЫЛЫШТЫ.
АЮБ ДАГЫ КУДАЙ АЙТКАНЫН ТАК АТКАРДЫ.
ТЕҢИРИМ, МЕНИН ДОСТОРУМ БУЛ ТАРТУУЛАРЫ МЕНЕН СЕНИН АЛДЫҢА КЕЛИП ТУРАТ!
АЛАР ӨЗ КҮНӨӨЛӨРҮН АҢДАП ЖАНА МОЙНУНА АЛЫП ЖАТЫШАТ!
БУЛ АЛЫНЫП КЕЛИНГЕН КУРМАНДЫКТАР САГА КАРШЫ КЫЛЫНГАН КҮНӨӨНҮН КУНУ!
КУДАЙ УБАДАСЫНА ТУРДУ.


МУНУН БААРЫНЫН СЕБЕБИ ЭМНЕДЕ ЭКЕНИН БИЛЕР БЕКЕНБИЗ?
МЫНДАН СЕН КАНДАЙ САБАК АЛДЫҢ, АЮБ?
БИЗ КАНДАЙ САБАК АЛДЫК?
ЖЕ БИЗДЕН КИЙИНКИЛЕРГЕ КАНДАЙ САБАК БОЛОТ?
БАЛКИМ, МУНУН БААРЫ...
БИЗДИН ТҮШҮНҮКТӨН ДА ЖОГОРУ ТУРАР!
СЕН КУДАЙ АЛДЫНДА СЕН ҮЧҮН АРАЧЫНЫ УШУЛ УБАКЫТКА ЧЕЙИН ИЗДЕДИҢ.
БИЗ СЕНДЕН БАШ ТАРТКАНЫБЫЗГА КАРАБАСТАН, СЕН ЭМИ АЗЫР БИЗДИ АКТАП ЖАТАСЫҢ!
КУДАЙЫМ СЕНИ МОЛ БАТАЛАСЫН, ДОСУМ.
СЕНИН ДОСУҢ БОЛГОНУМА СЫЙМЫКТАНАМ.
БИЗ САГА КАНЧА ЖАМАН СӨЗДӨРДҮ АЙТПАДЫК. ЭМНЕ ҮЧҮН БИЗГЕ КЫЖЫРЫҢ КЕЛБЕЙТ?
АНТКЕНИ, БИЗ КАНЧАЛЫК КҮНӨӨ КЕТИРИП, ТЕҢИРДИ САТЫП КЕТСЕК ДА, АЛ ЭЧ КАЧАН БИЗДИ ЖАМАН КӨРБӨЙТ!


ЭЛИХУ, МАГА КОЛДОО КӨРСӨТКӨНҮҢ ҮЧҮН ЫРААЗЫМЫН САГА.
БИЗДИН ДОСУБУЗ БОЙДОН КАЛГАНЫҢА ЧОҢ РАХМАТ.
МЕН СЕНИ ЖОГОТУП АЛДЫМ ГО ДЕП ОЙЛОГОМ.
СЕНИ КУДАЙ МЕНДЕН АЛЫП КЕТЕТ ДЕП ОЙЛОГОМ МЕН ДА.
КУДАЙ МЕНИ МЕНЕН СҮЙЛӨШКӨНГӨ ЧЕЙИН МЕН ДА ОШЕНТИП ОЙЛОГОМ.
САГА КУДАЙДЫН ЖООП БЕРИШИН КААЛАГАМ!
БИРОК АЛ САГА СЕБЕБИН АЙТКАН ЖОК!
ЖООП БЕРДИ!
АЛ МЕН КААЛАГАН ЖООПТУ ЭМЕС, МЕН МУКТАЖ БОЛГОН ЖООПТУ БЕРДИ.




АЮБ 42:11-42:17



**SUPERBIBLE.TV**